# Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги

## Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү

## «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АБАНЫН САПАТЫН ЖАКШЫРТУУ» ДОЛБООРУ

## 2025-ЖЫЛЫ ДОЛБООРДУ ИШКЕ АШЫРУУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

**Бишкек шаары**

## Кыскартуулар

| | | |
|---|---|---|
| АА | - | Аткаруучу агентствосу |
| АБКП | - | Аба булгануусун көзөмөлдөө пункттары |
| ААКБ | - | Атмосфералык абаны коргоо бөлүмү |
| АКМ | - | Арыздарды кароо механизми |
| АМС | - | Автоматтык мониторинг станциялары |
| АС | - | Абанын сапаты |
| АСБТ | - | Абанын сапатын башкаруу тутуму |
| АСЖ | - | Абанын сапатын жакшыртуу |
| АСЖД | - | Абанын сапатын жакшыртуу долбоору |
| АЧТСБ | - | Айлана-чөйрөгө тийгизген таасирди баалоо |
| АЧСБС | - | Айлана-чөйрө жана социалдык чөйрө башкаруу системасы |
| АЧСЧБП | - | Айлана-чөйрөнү жана социалдык чөйрөнү башкаруу планы |
| ДБ | - | Дүйнөлүк Банк |
| ДИАБ | - | Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү |
| ДЖК | - | Долбоорду Жетектөөчү комитети |
| ДСД | - | Долбоорлоо-сметалык документацияны |
| ДӨМ | - | Долбоордун өнүгүү максаттары |
| ЖТҮ | - | Жеке турак үйлөр |
| ККИ | - | Катышуучу каржы институту |
| КМИ | - | Курулуш-монтаждоо иштери |
| КР ЖК | - | Кыргыз Республиксыны Жогорку Кенеши |
| КР ЖРЭТКМ | - | Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги |
| КР ӨКМ | - | Кыргызс Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги |
| КТӨКП | - | Кызыкдар тараптар менен өз ара кызматташуу планы |
| МИ | - | Мамлекеттик ишкана |
| МИ | - | Муниципалдык ишканасы |
| ММБД | - | Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти |
| МТ | - | Маалыматтык технологиялар |
| PM 2,5 | - | Катуу бөлүкчөлөр |
| ТТ | - | Техникалык тапшырма |
| ТМ | - | Техникалык мүнөздөмө |
| ТЭН | - | Техникалык-экономикалык негиздеме |
| ЭМБ | - | Экологиялык мониторинг департаменти |
| ЭРБП | - | Эмгек ресурстарын башкаруу планы |
| ЭСМП | - | Экологиялык жана социалдык милдеттенмелер планы |
| ЭСБПАД | - | Экологиялык жана социалдык башкаруу боюнча алкактык документ |
| ЭӨА | - | Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы |
| ЭККК | - | Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы |
| ЭККК | - | Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы |

## Мазмуну

**Кыскартуулар** .................... 2
**Киришүү** .................... 4
**Долбоор тууралуу маалымат** .................... 5
Долбоордун компоненттери .................... 7
Долбоордун камтуу географиясы жана ишке ашыруу мөөнөтү .................... 8
Долбоордон пайда алуучулар (бенефициарлар) .................... 8
Долбоордун бюджети .................... 9
**Долбоордун иш-чараларын ишке ашыруу тууралуу жалпы баяндама** .................... 9
**Компонент 1: «Атмосфералык абанын сапатын башкаруу тутумун чыңдоо»** .................... 9
*Чакан компонент 1.1. "Атмосфералык абанын сапаты боюнча маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу иштерин жакшыртуу"* .................... 9
КР ӨКМна караштуу Гидрометеорология кызматы менен биргилешкен иш-чаралар .................... 10
*Чакан компонент 1.2. "Абанын сапатын башкаруу жана булгоону көзөмөлдөө механизмдерин жакшыртуу"* .................... 14
КР ЖРЭТКМнын ЭМД менен биргелешкен иш-чаралар .................... 14
КР ЖРЭТКМнын ЭТКК менен биргелешкен иш-чаралар .................... 16
**Компонент 3: «Шаардын аймагын жашылдандырууну жакшыртуу»** .................... 16
*Чакан компонент 3.1. "Шаарды жашылдандырууга колдоо көрсөтүү"* .................... 17
*Чакан компонент 3.2: «Жашылдандыруу жана сугат иштери боюнча институционалдык дараметти жогорулатуу»* .................... 19
**Компонент 4. «Долбоорду ишке ашырууну колдоо»** .................... 20
Долбоордун Жетектөөчү Комитети .................... 21
Долбоорду ишке ашырууга техникалык колдоо көрсөтүү боюнча ДБ Миссиясы .................... 22
Долбоордун өнөктөштөрү менен өз ара кызматташуу .................... 25
Долбоордун экологиялык жана социалдык коштолуусу .................... 27
*Айлана-чөйрөнү жана социалдык чөйрөнү башкаруу планы* .................... 27
*Арыздарды кароо механизми* .................... 28
Коомчулук менен байланыш жана коммуникациялар .................... 29
Долбоордун 1, 3 жана 4-компоненттеринин алкагындагы сатып алуулар .................... 31
Долбоордун каражаттарын өздөштүрүү .................... 36
КР ЖРЭТКМ ДИАБ жана КР ФМ ДИАБ кызматкерлеринин дараметтин жогорулатуу .................... 36
**Компонент 2: «Жылытуунун экологиялык таза чечимдерин ишке ашырууну колдоо»** .................... 37
*Чакан компонент 2.1. Бишкек шаарындагы жеке турак жайларды экологиялык таза жылытуу чечимдерине инвестиция салууну каржылоо.* .................... 37
*Чакан компонент 2.2. Экологиялык таза жылытуу чечимдерин илгерилетүү боюнча саясий, ченемдик жана институционалдык чараларды колдоо.* .................... 37
Кызыкдар тараптар менен байланыш жана маалыматты ачыктоо .................... 38
2-компонент боюнча сатып алуулар .................... 48

## Таблицалар

Таблица 1. Долбоор тууралуу чакан маалымат .................... 7
Таблица 2. Долбоордун бенефициарлары .................... 8
Таблица 3. Долбоордун бюджети .................... 9
Таблица 4. АБКП жайгаштырууга бөлүнгөн жер тилкелери .................... 12
Таблица 5. АМС жайгаштырууга бөлүнгөн жер тилкелери .................... 13
Таблица 6. "Жашыл алкак" жайгашкан жер тилкелери .................... 18
Таблица 7. Долбоордун кызыкдар тараптары .................... 25
Таблица 8. Долбоордун сатып алуулары .................... 31
Таблица 9. Кызматкерлердин тизмеси .................... 36
Таблица 10. Долбоордун каражаттарын оздоштуруу .................... 36

## Киришүү

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн абанын сапатын башкаруу жаатындагы дараметтин күчөтүү, ошондой эле турак жайларды жылытууда экологиялык жактан таза технологиялык чечимдерди илгерилетүү жана шаар аймактарын жашылдандыруу боюнча чараларды ишке ашыруу максатында Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын ортосунда 2023-жылдын 12-декабрында «Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу» долбоорун каржылоо жөнүндө Макулдашууга кол коюлган (мындан ары–Долбоор). Аталган Долбоор Кыргыз Республикасынын 2024-жылдын 16-майындагы № 85 «Кыргыз Республикасы менен Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясынын (мындан ары-Дүйнөлүк банк) ортосунда түзүлгөн “Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу” долбоорун каржылоо жөнүндө Макулдашууну ратификациялоо тууралуу» Мыйзамы менен ратификацияланган.

Дүйнөлүк банк каржылаган «Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу» долбоорунун алкактык документтери, Дүйнөлүк банктын Экологиялык жана социалдык стандарттарына ылайык иштелип чыккан стратегиялык жана процедуралык документтердин жыйындысын түзөт. Бул документтер Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө экологиялык, социалдык, эмгек жана кызыкдар тараптарга байланыштуу тобокелдиктерди жана таасирлерди башкаруунун принциптерин, талаптарын жана механизмдерин аныктайт. Алкактык документтер долбоордун иш-чараларын пландаштыруу, ишке ашыруу, мониторинг жүргүзүү жана отчеттуулук боюнча жалпы институционалдык жана процедуралык негизди белгилейт, анын ичинде экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди баалоо жана башкаруу, кызыкдар тараптар менен өз ара кызматташуу, эмгек мамилелери, эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы, ошондой эле экологиялык жана социалдык милдеттенмелер планына ылайык каралган милдеттенмелерди аткаруу маселелерин камтыйт.

Долбоордун алкактык документтери: а) экологиялык жана социалдык башкаруунун алкактык документи (ЭСБАД); б) эмгек ресурстарын башкаруу планы (ЭРБП); в) кызыкдар тараптар менен өз ара кызматташуу планы (КТӨКП) жана г) экологиялык жана социалдык милдеттенмелер планы (ЭСМП), Долбоордун бардык компоненттерине жана субкомпоненттерине карата колдонулат жана Долбоордун өзүнчө иш-чараларын даярдоо жана ишке ашыруу этаптарында тобокелдиктерди башкаруу боюнча конкреттүү инструменттерди иштеп чыгуу жана колдонуу үчүн негиз болуп саналат. Жогоруда көрсөтүлгөн документтер 2023-жылы иштелип чыгып, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин расмий веб-сайтына 2023-жылдын 19-майында жайгаштырылган. Ошондой эле, Долбоордун алкактык документтери тууралуу маалыматты кызыкдар тараптарга ачыктоо маселелери боюнча коомдук угуу 2023-жылдын 26-майында өткөрүлгөн. Долбоордун аткаруучу агенттиктери (мындан ары-АА) болуп Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги — Долбоордун 1-, 3- жана 4-компоненттерин ишке ашыруу үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги — Долбоордун 2- жана 4-компоненттерин ишке ашыруу үчүн жоопту болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги (мындан ары-КР ЖРЭТКМ) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин алдындагы айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

Дүйнөлүк банк (мындан ары – ДБ) тарабынан каржыланган Долбоорду ишке ашырууда, башка министрликтер жана Бишкек шаарынын мэриясы менен кызматташтыкта, Долбоордун жалпы аткарылышына, анын ичинде финансылык, экологиялык жана социалдык аспектилерине жооптуу негизги аткаруучу болуп Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги (ЖРЭТКМ КР) саналат. КР ЖРЭТКМнын Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү (мындан ары – ДИАБ**)** Долбоорду күнүмдүк башкарууну, анын ичинде каржылоону, сатып алууларды жана мониторинг жүргүзүүнү камсыз кылат.

Долбоордун экологиялык таза жылытуу чечимдерине байланыштуу 2-компоненти Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү (мындан ары-КР ФМ ДИАБ) тарабынан ишке ашырылат. Аталган бөлүм бул компонент боюнча финансылык операцияларга жана отчеттуулукка жооптуу болуп саналат. Долбоордун 2-компоненти «Жылытуунун экологиялык таза чечимдерин ишке ашырууну колдоо» Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу кредиттик линияларды башкаруу бөлүмү тарабынан (мындан ары-ДИАБ ФМ КР) ишке ашырылат. Аталган бөлүм бул компонент боюнча финансылык операцияларга жана отчеттуулукка жооптуу. КР ФМ ДИАБ 2-компоненттин аткарылышы боюнча отчетторду КР ЖРЭТКМ ДИАБга берет, ал өз кезегинде Долбоордун жалпы аткарылышынын жүрүшү тууралуу маалыматты аткаруучу агенттикке жана Долбоорду жетектөөчү комитетке маалымдайт.

Бул отчетто 2025-жылдын январь айынан декабрь айына чейинки мезгилде «Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу» долбоорунун ишке ашырылышы тууралуу негизги маалыматтар чагылдырылган.

## Долбоор тууралуу маалымат

Долбоордун өнүгүү максаты (мындан ары – ДӨМ) өлкөдөгү абанын сапатын башкаруу системасын чыңдоо жана Бишкек шаарында PM2.5 бөлүкчөлөрүнүн жана көмүр кычкыл газынын (CO2) чыгындыларын кыскартуу болуп саналат.

ДӨМдүн биринчи бөлүгү өлкөдөгү абанын сапатын башкаруу (мындан ары – АСБ) боюнча улуттук мүмкүнчүлүктөрдү чыңдоонун жана натыйжалуу АСБ үчүн комплекстүү башкаруу тутумунун пайдубалын түзүүнүн зарылдыгына негизделет. Абанын сапатын башкаруу системасын түзүү (мындан ары – АСБС) Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө негизделген чечимдерди кабыл алууга жана узак мөөнөттүү мезгилде артыкчылыктуу тармактарга жана багыттарга инвестицияларды туруктуу колдоого мүмкүндүк берет.

ДӨМдүн экинчи бөлүгүндө Бишкек шаарында абанын сапатын жакшыртуу үчүн артыкчылыктуу катары тандалган тармактарга инвестициялар чагылдырылган.

Бул Долбоордун ишке ашырылышынын жыйынтыгында абанын сапатын комплекстүү башкаруу системасы түзүлөөрү күтүлүүдө. Бул система абанын сапатына мониторинг, анализ жүргүзүү, алдын ала божомолдоо жана маалыматтарды башкарууга байланыштуу инфраструктураны модернизациялоо аркылуу ишке ашырылат.

Долбоор ошондой эле Бишкек шаарында атмосфералык абанын булганышын азайтуу боюнча иш чаралар комплексин колдоону карайт, анын ичинде жеке турак жай үйлөрдүн жылытууда экологиялык жактан таза жана энергияны үнөмдөөчү технологияларга өтүү, шаар аймагын жашылдандыруу программаларын ишке ашырууга көмөк көрсөтүү,

ошондой эле максаттуу аймактарда ирригациялык тармактарды өнүктүрүү чаралары камтылган.

Бул чараларды ишке ашыруу атмосфералык абанын сапатын жакшыртууга, калктын саламаттыгын чыңдоого жана шаар тургундарынын жашоо деңгээлин жогорулатууга, ошондой эле парник газдарынын бөлүнүп чыгышын кыскартууга өбөлгө түзөт. Натыйжада, Кыргыз Республикасынын климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу жаатындагы эл аралык милдеттенмелерин аткарууга салым кошулат.

Долбоор ошондой эле Бишкек шаарында атмосфералык абанын булганышын азайтуу боюнча иш-чаралардын комплексин колдоону карайт, анын ичинде жеке турак жай үйлөрдү жылытууда кыйла таза жана энергияны үнөмдөөчү технологияларга өтүү, шаар аймагын жашылдандыруу боюнча программаларды ишке ашырууга көмөк көрсөтүү, ошондой эле максаттуу райондордо ирригациялык тармактарды өнүктүрүү кирет. Аталган иш-чараларды ишке ашыруу атмосфералык абанын сапатын жакшыртууга, шаар тургундарынын саламаттыгын чыңдоого жана жашоо-турмуш деңгээлин жогорулатууга, ошондой эле парник газдарынын бөлүнүп чыгышын кыскартууга өбөлгө түзүп, ошону менен Кыргыз Республикасынын климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерин жумшартуу жаатындагы милдеттенмелерин аткарууга салым кошот.

*Таблица 1. Долбоор тууралуу чакан маалымат*

| Донор | Эл аралык өнүктүрүү ассоциациясы (Дүйнөлүк банк) |
|---|---|
| Кредиттин/гранттын номери (макулдашууга ылайык) | Кредит №7434-KG |
| Донор тарабынан каржылоонун жалпы суммасы: | 50,0 млн. АКШ доллары |
| ЭӨАнын кредитинин суммасы: | 50,0 млн. АКШ доллары |
| Кредиттин шарттары: | ЭӨАнын насыясы жагымдуу жеңилдетилген шарттарда берилет: 50 жылдык мөөнөттө 0% ставка менен, анын ичинде 10 жылдык жеңилдетилген мөөнөт менен жогорку жеңилдетилген насыя. |
| Географиялык камтуу: | Бүткүл республика боюнча |
| Сүйлөшүүлөрдүн күнү: | 2023-жылдын 24-25-октябрында тараптар Кыргыз Республикасы менен ЭӨА ортосундагы Каржылоо жөнүндө макулдашуунун долбоору талкууланган |
| Кол коюлган күнү: | 2023-жылдын 12-декабры |
| Ратификациялоо күнү: | 2024 жылдын 16 майындагы №85 Кыргыз Республикасынын мыйзамы |
| Долбоордун күчүнө кирүү датасы: | 2024-жылдын 6-июну |
| Долбоорду ишке ашыруунун башталышы: | 2023-жылдын 12-декабры |
| Долбоорду жабуу күнү: | 2030-жылдын 31-декабры |
| Долбоорду каржылоо жабылган күнү: | 2030-жылдын 31-декабры |
| Долбоор башталган күндөн тартып отчеттук мезгилди кошо алганда тышкы каржылоо боюнча каражаттарды өздөштүрүү (жыйнактоочу жыйынтык менен): | Кредит: 3 324 743,36 АКШ доллары |
| Учурдагы жыл ичинде тышкы каржылоо боюнча каражаттарды өздөштүрүү: | Кредит: 2 024 743,36 АКШ доллары |
| Аткаруу агенттиги: | o Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги |
| Ишке ашыруу агенттиктер: | o КР Финансы министрлигине караштуу ДИАБ<br>o КР Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигине караштуу ДИАБ |

## Долбоордун компоненттери

Долбоор төрт компоненттен жана аларга тиешелүү чакан компоненттерден турат:

Компонент 1: «Атмосфералык абанын сапатын башкаруу тутумун чыңдоо».

- чакан компонент 1.1.: “Атмосфералык абанын сапаты боюнча маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу иштерин жакшыртуу”;

- чакан компонент 1.2.: “Абанын сапатын башкаруу жана булгоону көзөмөлдөө механизмдерин жакшыртуу”.

Компонент 2: «Жылытуунун экологиялык таза чечимдерин ишке ашырууну колдоо».

- чакан компонент 2.1.: «Бишкек шаарындагы жеке турак жайлар үчүн экологиялык жактан таза жылытуу чечимдерине инвестицияларды каржылоо».
- чакан компонент 2.2.: «Жылытуу боюнча экологиялык таза чечимдерди илгерилетүү максатында саясий, ченемдик-укуктук жана институционалдык чараларды колдоо».

Компонент 3: «Шаардын аймагын жашылдандырууну жакшыртуу»

- чакан компонент 3.1.: «Шаарды жашылдандырууга колдоо көрсөтүү».
- чакан компонент 3.2.: «Жашылдандыруу жана сугат иштери боюнча институционалдык дараметти жогорулатуу».

Компонент 4: «Долбоорду ишке ашырууну колдоо».

## Долбоордун камтуу географиясы жана ишке ашыруу мөөнөтү

Долбоор Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагын камтыйт жана атмосфералык абанын сапаты боюнча маселелерди чечүүгө багытталат, мында баштапкы басым Бишкек шаардык агломерациясына жасалат. «Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу» долбоорунун ишке ашыруу мөөнөтү 7 жылды түзөт жана 2024-жылдан 2030-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилди камтыйт.

## Долбоордон пайда алуучулар (бенефициарлар)

Долбоордун өнөктөштөрү жана негизги пайда алуучулары төмөндөгү 2-таблицада көрсөтүлгөн.

*Таблица 2. Долбоордун бенефициарлары*

| Долбоордун негизги бенефициары | # | Бөлүмдөр |
|---|---|---|
| Бишкек шаарынын мериясы | 1 | «Бишкекжашылкурулуш» муниципалдык ишканасы |
| | 2 | Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай-коммуналдык чарба министрлигине караштуу Бишкек шаар куруу жана архитектура боюнча башкы башкармалыгы (Бишкекбашкыархитектура). |
| КР ӨКМ | 3 | Гидрометеорология кызматы (мындан ары - *Кыргызгидромет*) |
| КР ЖРЭТКМ | 4 | Экологиялык мониторинг департаменти (мындан ары – ЭМД) |
| | 5 | Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы (мындан ары - ЭККК) |
| | 6 | Атмосфералык абаны коргоо бөлүмү (ААКБ) |

Долбоордун акыркы бенефициарлары Бишкек шаарынын тургундары, алар атмосфералык абанын сапатынын жакшыртылышынан, анын ичинде жашыл аймактарды кеңейтүү жана жаңы, ошондой эле учурдагы жашыл аймактарды туруктуу башкаруу аркылуу пайда алышат. Долбоордун түздөн-түз бенефициарлары Бишкек шаарынын жана ага чектеш аймактардын жеке турак үйлөрүндө жашаган үй чарбалары болуп

саналат, алар көмүр менен жылытуудан экологиялык жактан таза жылытуу чечимдерине өтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

### Долбоордун бюджети

Долбоордун жалпы наркы 50,0 млн АКШ долларын түзөт. Бул 50 жылдык мөөнөткө 0% менен берилген жогорку жеңилдетилген кредит болуп саналат, анын ичинде 10 жылдык жеңилдетилген мөөнөт каралган. Төмөнкү 3-таблицада Долбоордун компоненттеринин бюджети тууралуу маалымат берилген.

*Таблица 3. Долбоордун бюджети*

| **Долбоордун компоненттери** | **Жалпы сумманын %** | **ЭӨА каржылоосу (АКШ доллары)** |
|---|---|---|
| Компонент 1: Атмосфералык абанын сапатын башкаруу тутумун чыңдоо. | 18,2% | 9,100,000 |
| Компонент 2: Жылытуунун экологиялык таза чечимдерин ишке ашырууну колдоо | 64,6% | 32,300,000 |
| Компонент 3: Шаардын аймагын жашылдандырууну жакшыртуу | 14,2% | 7,100,000 |
| Компонент 4: Долбоорду ишке ашырууну колдоо | 3,0% | 1,500,000 |
| **Долбоордун жалпы наркы:** | **100%** | **50,000,000** |

### Долбоордун иш-чараларын ишке ашыруу тууралуу жалпы баяндама

КР ЖРЭТКМнын Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү (ДИАБ) Долбоордун 1, 3 жана 4-компоненттерин Дүйнөлүк банктын процедураларына ылайык ишке ашырат, анын ичинде Долбоордун алкагында пландаштырылган жабдууларды, техниканы жана курулуш иштерин сатып алуу үчүн техникалык тапшырмаларды жана техникалык мүнөздөмөлөрдү иштеп чыгат. Долбоордун бенефициарлары тарабынан макулдашылып жана бекитилгенден кийин, даярдалган документтер андан ары белгиленген тартипте конкурстук процедураларды өткөрүү максатында Дүйнөлүк банкка карап чыгуу жана бекитүү үчүн жөнөтүлөт.

### Компонент 1: «Атмосфералык абанын сапатын башкаруу тутумун чыңдоо»

Бул Долбоордун компоненти АСБСтын негизги элементтерин бекемдөөгө жана ишке киргизүүгө багытталган. Бул компонент ДӨМнын 1-көрсөткүчүнө жетишүүгө өбөлгө түзөт жана эки чакан компонентти камтыйт:

*Чакан компонент 1.1. "Атмосфералык абанын сапаты боюнча маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу иштерин жакшыртуу"*

Бул чакан компоненттин алкагында атмосфералык абанын сапаты жөнүндө маалыматтын сапатын жакшыртууга инвестициялар каржыланат. Долбоордун алкагында ишке ашырылуучу конкреттүү иш-чараларга төмөнкүлөр кирет:

– атмосфералык абанын сапатына мониторинг жүргүзүү тармагын кеңейтүү максатында Бишкек шаарында жана Кашка-Суу айылында (5), ошондой эле башка шаарларда: Ош (2), Жалал-Абад (1), Кара-Балта (1), Токмок (1) жана Чолпон-Ата (1) негизги аба булгоочу заттарды (PM, NOx, $SO_2$ ж.б.) көзөмөлдөө үчүн референттик

деңгээлдеги 11 жаңы автоматташтырылган мониторинг станцияларын (мындан ары- АМС) орнотуу аркылуу кеңейтүү;

- Бишкек жана Ош шаарларындагы атмосфералык абанын булганышын көзөмөлдөө боюнча 8 пунктту модернизациялоо (мындан ары- АБКП);
- Бишкек, Ош жана Жалал-Абад шаарларында абанын булганышын болжолдоо жана талдоо үчүн метеорологиялык мониторинг жүргүзүү мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү;
- абанын сапатына мониторинг жүргүзүү лабораториясын модернизациялоо, анализ жүргүзүү үчүн жабдууларды сатып алуу жана сапатты камсыздоо, контролдоо процедураларын күчөтүү;
- абанын сапатын болжолдоо жана ага байланыштуу дареметти өнүктүрүү жана билимдерди өткөрүп берүү үчүн алдыңкы моделдерди жана куралдарды ишке ашыруу;
- абанын сапаты жөнүндө маалыматка жеткиликтүүлүктү жакшыртуу жана аны жайылтууну жеңилдетүү аркылуу жүрүм-турумдун өзгөрүшүнө таасир берүү максатында коммуникациянын алдыңкы ыкмаларын жана куралдарын ишке ашыруу. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигине караштуу Гидрометеорология кызматы (мындан ары-Кыргызгидромет) тарабынан берилген абанын сапаты боюнча маалыматтар КРнын ЖРЭТКМнын Маалыматтарды иштетүү борборуна (1.2-чакан компоненттин алкагында) интеграцияланат, бул абанын сапатына комплекстүү талдоону жүргүзүүнү жана маалыматтарды кеңири жайылтууну камсыз кылат.

Долбоордун 1.1. чакан компонентинин иш-чаралары Кыргызгидромет менен тыгыз кызматташтыкта ишке ашырылууда. Өз кезегинде Кыргызгидромет бул чакан компоненттин иш-чаралары боюнча техникалык тапшырмаларды жана техникалык спецификацияларды иштеп чыгуу үчүн жумушчу топ түзгөн. Ошондой эле, Кыргызгидрометтин кызматкерлери чакак компонент 1.1. боюнча тендердик комиссияларынын курамында катышууда.

### КР ӨКМна караштуу Гидрометеорология кызматы менен биргилешкен иш-чаралар

Долбоордун алкагында абанын сапаты жөнүндө маалыматтарды чогултуу, талдоо жана жайылтуу практикасын өркүндөтүү максатында абанын сапатына мониторинг жүргүзүү жана метеорологиялык байкоо жүргүзүү системасын модернизациялоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө. Отчеттук мезгилде Кыргызгидромет жана ДБ менен төмөнкү жабдууларга техникалык спецификациялар иштелип чыгып, макулдашылып жана бекитилди:

- атмосфералык абанын сапатын көзөмөлдөөчү автоматтык станцияларды сатып алуу жана орнотуу (6 - Бишкек шаарында, 2 - Ош шаарында, 1ден - Кара-Балта, Токмок жана Чолпон-Ата шаарларында);
- атмосфералык абанын булгануусун көзөмөлдөөчү пункттарды модернизациялоо (7 - Бишкек шаарында, 1 - Ош шаарында);
- Бишкек жана Ош/Жалал-Абад шаарларында температуранын вертикалдык профилин жана инверсиялык катмарларды метеорологиялык мониторинг жүргүзүү үчүн зонддук жабдууларды сатып алуу;
- Кыргызгидромет үчүн абанын сапатын көзөмөлдөө лабораториясы үчүн лабораториялык жабдууларды сатып алуу.

АМС боюнча сатып алуу алкагында, ДИАБ абанын сапатын автоматтык мониторинг жүргүзүүчү станцияларды жеткирүүчү потенциалдуу (эл аралык) жеткирүүчүлөр менен онлайн форматта алдын ала тендердик жолугушуу өткөрдү. Жолугушуунун жүрүшүндө

долбоордун талаптары, күтүүлөрү жана техникалык спецификациялары тааныштырылды.

Бүгүнкү күнгө карата, Дүйнөлүк банктын сунуш-пикирлерин жана эскертмелерин эске алуу менен, Кыргызгидромет жана атмосфералык абанын сапатын автоматтык мониторинг жүргүзүүчү станциялар боюнча эл аралык консультант менен биргеликте ДБнын процедураларына ылайык сатып алуу ыкмалары жана рейтингдик баалоо критерийлери колдонулган тендердик документтердин пакети (долбоорлоо, жеткирүү жана орнотуу) даярдалды. Учурда атмосфералык абанын сапатын автоматтык мониторинг жүргүзүүчү станцияларга карата техникалык спецификациялар жана тендердик документтер Дүйнөлүк банк менен макулдашуу жана бекитүү деңгээлинде турат.

Температуранын вертикалдык профилин жана инверсиялык катмарларды өлчөө үчүн зонддук жабдууларга карата техникалык спецификациялар Дүйнөлүк банктын эскертмелерин эске алуу менен иштелип чыгып, Кыргызгидромет тарабынан бекитилди. Учурда жабдуулардын баасын жана жеткиликтүүлүгүн аныктоо максатында потенциалдуу жеткирүүчүлөрдүн рыногу изилденип жатат, анын жыйынтыгына ылайык тендердик процедуралар башталат.

Кыргызгидрометтин абанын сапатына мониторинг жүргүзүү лабораториясы үчүн лабораториялык жабдууларды сатып алуу боюнча тендердик процедуралар аяктады. Тендердин жыйынтыгы боюнча 2025-жылдын 4-декабрынан 2026-жылдын 18-февралына чейин жеке ишкер «С.Т.Турдубаев» менен лабораториялык жабдууларды жеткирүү боюнча контракт 2025-жылдын 4-декабрында түзүлдү.

Аба булгануусун көзөмөлдөө пункттарын (мындан ары-АБКП) модернизациялоо боюнча тендердик процедуралар аяктады, бирок коммерциялык сунуштар түшпөгөндүгүнө байланыштуу сынак жараксыз деп табылды өтпөй калды деп табылды. Учурда АБКПни модернизациялоо үчүн зарыл болгон жабдуулардын баасын жана жеткиликтүүлүгүн аныктоо максатында потенциалдуу жеткирүүчүлөрдүн рыногун изилдөө жүргүзүлүүдө. Рынокту изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча Кыргызгидромет жана Дүйнөлүк банк менен биргеликте сатып алууларды жүргүзүүнүн тартибине жана ыкмаларына мүмкүн болгон өзгөртүүлөр боюнча тиешелүү чечимдер кабыл алынат.

Долбоордун алкагында АМС жана АБКП объектилерин муниципалдык жер тилкелерине куруу жана жайгаштыруу пландаштырылууда. Ушуга байланыштуу атмосфералык абанын булганышын автоматтык мониторинг жүргүзүүчү станцияларды жана атмосфералык абанын сапатын байкоо пункттарын жайгаштыруу үчүн жер тилкелерин берүү жана расмий тариздөө маселелери тиешелүү шаарлардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен тыгыз кызматташтыкта Кыргызгидромет тарабынан өз алдынча чечилүүдө, анткени дал ошол аймактарда метеорологиялык станцияларды орнотуу боюнча иш-чараларды ишке ашыруу каралган. Төмөндө 4- жана 5-таблицаларда АМС жана АБКПни жайгаштыруу үчүн жер тилкелерин бөлүп берүү статусу боюнча Кыргызгидромет тарабынан берилген маалымат келтирилген.

*Таблица 4. АБКП жайгаштырууга бөлүнгөн жер тилкелери*

| № | Дарек | Статус |
|---|---|---|
| | **Бишкек шаары** | Атмосфералык абанын булганышына байкоо жүргүзүү пункттары муниципалдык менчиктеги жер тилкелеринде жайгаштырылат. |
| 1 | Ч. Айтматов көчөсү менен Манас проспектисинин кесилиши | |
| 2 | М. Лущихина 79 көчөсү | |
| 3 | У. Салиева 58 көчөсү | |
| 4 | С. Ибраимов көчөсү менен Жибек-Жолунун кесилиши | |
| 5 | Саманчин көчөсү №5/1 (7-кичи район) | |
| 6 | М.Абдраев менен Л.Месарош көчөлөрүнүн кесилиши | |
| 7 | пересечение ул. Аул и А.Елебесова | |
| | **Ош шаары** | |
| 8 | Курманжан Датка жана И. Раззаков көчөлөрүнүн кесилиши | |

*Таблица 5. АМС жайгаштырууга бөлүнгөн жер тилкелери*

| № | Дарек | Координаттар | Статус |
|---|---|---|---|
| **Бишкек шаары** | | | |
| 1 | Тунгуч кичи району, Анкара көчөсү/Ч.Валиханов көчөсүнүн кесилиши 7/1 | 42.856046, 74.673297 | №0113331, №0113143, №0113333 жер тилкесин убактылуу пайдаланууга укук берүүчү күбөлүктөр алынды |
| 2 | Ак-Бата турак жай массиви, Ак-Бата-3 көчөсү | 42.951225, 74.613915 | |
| 3 | 12-кичи район, Аалы Токомбаев көчөсү 41 | 42.812442, 74.633229 | |
| 4 | Манас проспектиси/Москва көчөсүнүн кесилиши 171А (Анадолу лицейинин жанында) | 42.870591, 74.586427 | Комиссия тарабынан каралды, токтом даярдоо боюнча иштер жүрүп жатат. |
| 5 | Кашка-суу айылы (Байтик метеостанциясы) | 42.650380, 74.497125 | Кыргызгидрометтин аймагы Мамлекеттик актысы бар 048205 |
| **Кара-Балта шаары** | | | |
| 6 | Свердлов/Калинин көчөлөрүнүн кесилиши (№12 мектептин жанында) | 42.80273, 73.85386 | №060036 Мамлекеттик актысы бар |
| **Токмок шаары** | | | |
| 7 | Шамсин көчөсү 35, (Токмок индустриалдык-педагогикалык колледжинин (ТИПК) жанында) | 42.83233, 75.30294 | Комиссия тарабынан каралды, токтом даярдоо боюнча иштер жүрүп жатат. |
| **Чолпон-Ата шаары** | | | |
| 8 | Совет көчөсү/Правда көчөлөрүнүн кесилиши (Ж.Абдрахманов атындагы сквер) | 42.642746, 77.065666 | 23.08.24-жылдагы №362 станцияны орнотууга уруксат берүү жөнүндө буйрук бар. |
| **Жалал-Абад шаары** | | | |
| 9 | Жалал-Абад (ГМБ) | 40.933027, 72.969714 | Кыргызгидрометтин аймагы Мамлекеттик актысы бар №001762 |
| **Ош шаары** | | | |
| 10 | Т. Сатылганов атындагы паркы | 40.515105, 72.807925 | Убактылуу пайдалануу үчүн муниципалдык жерлерди ижарага берүү жөнүндө келишим бар. |
| 11 | Ак-Тилек кичи район | 40.498075, 72.773524 | Топографиялык съемка үчүн иш башталды. |

*Чакан компонент 1.2. “Абанын сапатын башкаруу жана булгоону көзөмөлдөө механизмдерин жакшыртуу”*

Бул чакан компонент инфраструктурага, жабдууларга жана консультациялык кызматтарга багытталган инвестицияларды каржылайт, атап айтканда: (1) абанын сапатын башкаруу жана булганууну көзөмөлдөө функцияларын жакшыртуу, ошондой эле КР ЖРЭТКМ алдындагы тиешелүү бөлүмдөрдүн жана Экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматынын потенциалын жогорулатуу; (2) КР ЖРЭТКМдан тышкаркы тармактар аралык координациялоо механизмин бекемдөө. Долбоордун алкагында төмөнкү иш-чаралар каржыланат:

- Бишкек шаарында абанын булганышын талдоо боюнча ЖРЭТКМнын Экологиялык мониторинг департаментинин (мындан ары-ЭМД) дараметтин чыңдоо максатында заманбап (энергияны үнөмдөөчү жана сейсмикага туруктуу) лабораторияны жана Маалыматтарды иштетүү борборун (МИБ) куруу;
- булактардан чыккан зыяндуу заттардын чыгарылышын көзөмөлдөө жана талдоо үчүн лабораториялык жабдууларды жана мобилдик лабораторияларды сатып алуу;
- атмосфералык абанын абалы боюнча маалыматтарды иштетүү үчүн зарыл болгон маалыматтык технологиялар (мындан ары-МТ) инфраструктурасы менен камсыздалган Маалыматтарды иштетүү борборун (МИБ) түзүү каралат. Ал ЖРЭТКМ/ДЭМдин жаңы лабораториясында жайгаштырылып, абанын сапаты жана ар кандай секторлор менен категориялар боюнча парник газдарынын чыгындылары тууралуу маалыматтар базасын башкарууну камсыз кылат;
- абаны булгоочу негизги заттардын жана парник газдарынын эмиссиясынын кадастрын жана реестрин иштеп чыгуу, анын ичинде эмиссия булактарын көрсөтүүчү географиялык маалымат системасына (ГИС) негизделген карта түзүү;
- лабораторияларда жана Маалыматтарды иштетүү борборунда колдонуу үчүн булганууну мониторинг жүргүзүү жана моделдөө боюнча техникалык колдоо жана потенциалды жогорулатуу;

Ошондой эле, Долбоордун 1-компоненттин алкагында транспорт секторунун PM2.5 эмиссиясына тийгизген таасирин баалоо боюнча пилоттук долбоорду ишке ашыруу пландаштырылган, аны үчүн консультантты жалдоого техникалык тапшырмалар иштелип чыкты. Техникалык тапшырмалар Дүйнөлүк банк тарабынан бекитилген жана ЖРЭТКМ менен макулдашылган. Консультанттарды тандоо боюнча тендердик процедуралар башталды.

### КР ЖРЭТКМнын ЭМД менен биргелешкен иш-чаралар

Экологиялык мониторинг департаментинин дараметиттин чыңдоо, ошондой эле атмосфералык абанын сапатын башкаруу жана булганууну контролдоо практикасын өркүндөтүү максатында Долбоордун алкагында Бишкек шаарында атмосфералык абанын булганышын талдоого багытталган заманбап экологиялык лабораторияны жана Маалыматтарды иштетүү борборун (мындан ары-МИБ) куруу каралган жана анын алкагында абанын сапатын көзөмөлдөнүн бирдиктүү тутуму түзүлөт.

Заманбап лабораторияны жана Маалыматтарды иштетүү борборун куруу үчүн долбоордук-сметалык документацияны (мындан-ДСД) иштеп чыгуу максатында техникалык тапшырма иштелип чыгып, макулдашылган. ДСДны иштеп чыгуу боюнча консультантты тандоо үчүн өткөрүлгөн тендердик процедуралардын жыйынтыгында ЖЧК «Архивижн» долбоорлоо институту тандалып алынган. 2025-жылдын 10-июнунда

атмосфералык абанын булганышын талдоо лабораториясын жана МИБны куруу боюнча долбоордук-сметалык документацияны даярдоо жана курулушка автордук көзөмөл жүргүзүү үчүн консультациялык кызматтарды көрсөтүүгө 10 айлык мөөнөткө контракт түзүлгөн.

## Лабораторияны жана Маалыматтарды иштетүү борборун куруу үчүн жер тилкеси

ДЭМ үчүн жаңы лаборатория жана маалымат иштетүү борборун куруу үчүн жер участогу маселеси КР Министрлер Кабинетинин алдындагы Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча мамлекеттик агенттиктин 2024-жылдын 30-октябрындагы № 1348-п буйругу менен аныкталган. Менчик укугун тастыктаган документ – жер участогуна мамлекеттик акт алынган (2025-жылдын 22-майындагы В сериясы № 062261).

Учурда «Архивижн» ЖЧКсы өз ишин техникалык тапшырмага ылайык жүргүзүп жатат.

*Лаборатория жана маалымат борборун куруу үчүн жер тилкесинин укуктук документи*

| Участоктордун пландагы номери<br>Номера участков в плане | Идентификациялык номери<br>Идентификационный номер | Жайгашкан жери (дареги)<br>Место расположения (адрес) |
|---|---|---|
| | 1-02-10-0038-0361 | ул. Куренкеева , 255/2 |
| | | |
| | | |

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

Жер участогун мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу жөнүндө

**МАМЛЕКЕТТИК АКТ**

**ГОСУДАРСТВЕННЫЙ АКТ**

о праве бессрочного (без указания срока) пользования земельным участком

Сериясы
Серия Б № 062261

Ушул акт планда көрсөтүлгөн аянты *0,139 га*

жер участогу(на)

*2025-жылдын 13-майындагы № 639-б кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын*
(укук берүүчү документтин аталышы, номери, күнү)

негизинде ушул жерди мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдалануу укугу *Жер агенттигинин Бишкек филиалында* райондук (шаардык) жергиликтүү каттоо органында, кыймылсыз мүлккө болгон укуктардын бирдиктүү мамлекеттик реестринде 20*25* - жылдын "*22*" *майында* №*2025/111974* менен катталган жана *Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология*
(жер пайдалануучунун аталышы)
*жана техникалык көзөмөл Министрлигине караштуу Экологиялык мониторинг департаменти" мамлекеттик ме*
*азыркы турган акимчилик жана турак эмес жайлар үчүн*
(максаттык багыты жана категориясы)
мөөнөтсүз (мөөнөтү көрсөтүлбөгөн) пайдаланууга берилгендигин аныктайт.

Настоящим актом подтверждается, что земельный(е) участок(и), указанный(е) в плане, площадью *0,139 га*,
из них

на основании
(наименование, номер и дата правоустанавливающего документа)
*Акта приема-передачи от 13 мая 2025 года №639-б*

зарегистрированного "*22*" *мая* 20*25* года за № *2025/111974*
в Едином государственном реестре прав на недвижимое имущество в местном регистрационном органе *Бишкекском филиале Земагентства*
района (города) предоставлены *Государственному учреждению "Департамент экологического*
(наименование землепользователя)
*мониторинга при Министерстве природных ресурсов, экологии и технического надзора Кыргызской Республики*
в бессрочное (без указания срока) пользование для (под)
*под существующие административные и нежилые помещения*
(целевое назначение и категория)

Отчеттук мезгил үчүн Экологиялык мониторинг департаменти үчүн мобилдүү лабораторияларга техникалык мүнөздөмөлөр даярдалып, макулдашылган. Биринчи тендер катышуучулар жок болгондуктан тендер өткөрүлгөн жок. Абалды тактоо максатында ДИАБ тарабынан рынокко анализ жүргүзүлүп, жеткирүүчүлөрдөн коммерциялык сунуштар алынган жана анын жыйынтыгында мобилдик лабораторияны сатып алууну улантуу маселеси боюнча ЭМД менен жолугушуу өткөн. Талкуулардын жыйынтыгында мобилдүү лабораториянын техникалык тапшырмасын кайра карап чыгуу жана сатып алуулар планын өзгөртүү боюнча чечим кабыл алынды. Бул маселе ДЭМ, КР ЖРЭТКМ менен макулдашылган жана Дүйнөлүк банк мене бекитилген. Учурда көчмө лабораторияны жеткирүүчү тандоо боюнча кайталап өткөрүлгөн тендердик процедуралар аяктады. Жыйынтыгында "Эл Фарм" ЖЧКсы менен 62 392,0 миң сомго келишим түзүлдү.

### КР ЖРЭТКМнын ЭТКК менен биргелешкен иш-чаралар

Материалдык-техникалык базаны жана булактардан чыккан зыяндуу заттардын чыгарылышын мониторинг жүргүзүү жана талдоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруунун натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, ДИАБ экологиялык жана техникалык көзөмөл кызматы (мындан ары-ЭТКК) менен биргеликте экологиялык стандарттарга ылайык унаалардан чыккан түтүндүн жана чыккан газдардын деңгээлин өлчөө үчүн зарыл болгон жабдуулардын жана атайын аспаптардын техникалык мүнөздөмөлөрүн иштеп чыгып, бекитти. Дүйнөлүк банк тарабынан макулдашылгандан кийин тендердик процедуралар өткөрүлүп, ЭТКК үчүн төмөнкү жабдуулар сатылып алынды:

- 30 даана дизельдик автомобилдер үчүн түтүн өлчөгүч;
- бензин кыймылдаткычтары жана EURO-4.5 стандарттары бар унаалар үчүн 30 даана газ анализатору;
- 10 даана кесиптик GPS-навигатор;
- 2 даана кесиптик квадрокоптер;
- 4 даана электромобиль;
- 3 даана гибрид автоунаасы.

## Компонент 3: «Шаардын аймагын жашылдандырууну жакшыртуу»

Долбоордун үчүнчү компонентинин алкагында, Бишкек шаарында шаардык жашылдандырууну кеңейтүүгө көмөктөшүү, атмосфералык абанын булганышын азайтуу жана сугат ирригациялык тармагын жакшыртуу максатында, "Жашыл алкак" сыяктуу бир катар иш-чараларды ишке ашыруу, 18 жаңы сугат скважиналарын бургулоо жана 2 иштеп жаткан скважинаны калыбына келтирүү жана 3 байкоо скважинасын реабилитациялоо, ошондой эле Бишкек шаарынын 2050-жылга чейинки Башкы планын жашылдандыруу, ирригация жана сууну коргоо зоналары боюнча тиешелүү бөлүмдөрүн иштеп чыгууга колдоо көрсөтүү каралган.

Бул компонент Бишкек шаарынын Мэриясы, анын ичинде түзүмдүк бөлүмдөрү менен «Бишкекжашылкурулуш» муниципалдык ишканасынын жана «Бишкекбашкыархитектура» мамлекеттик мекемеси менен тыгыз кызматташтыкта ишке ашырылууда. Компоненттин алкагында жабдууларды сатып алууну, курулуш иштерин жүргүзүүнү, деталдуу долбоорлоого зарыл болгон даярдык иш-чараларын аткарууну, ошондой эле төмөнкү багыттарга багытталган техникалык жардам көрсөтүүнү каржылоо каралган: (а) коомдук жашылдандырууну түзүү жана туруктуу сактоо; (б) шаардык жашылдандырууну колдоо жана сактоо үчүн зарыл болгон сууну үнөмдөөчү жана

климатка туруктуу чечимдерди колдонуу менен ирригациялык системаны кеңейтүү; (в) коомчулуктун катышуусу менен шаар куруунун кеңири программасын ишке ашыруу үчүн институционалдык мүмкүнчүлүктөрдү чыңдоо, өзгөчө көңүл шаардын жашыл инфраструктурасын өнүктүрүүгө жана туруктуу башкарууга бурулат. Бул компонент ДӨМдүн экинчи максатына жетүүгө көмөктөшөт.

***Чакан компонент 3.1. "Шаарды жашылдандырууга колдоо көрсөтүү"***

Долбоордун бул бөлүгү Бишкек шаарындагы абанын булганышын азайтуу максатында атайын иштелип чыккан "Жашыл алкак" түрүндөгү шаар аймагын жашылдандыруу боюнча иш-чараларды колдоого багытталган. Жашылдандыруу боюнча иш-чаралар менен катар, бул чакан компонент шаардык ирригациялык системаны өнүктүрүүгө багытталган инвестицияларды каржылоону карайт, анын ичинде сугаттык скважиналарды долбоорлоо, куруу жана реконструкциялоо иштери камтылып, сугат суусун берүү көлөмүн көбөйтүү жана аны натыйжалуу пайдаланууну жогорулатуу аркылуу учурдагы жана пландаштырылган жашылдандырууларды туруктуу кармоону камсыз кылуу максаты көздөлөт. Долбоордун алкагында каржыланчу иш-чаралар, атап айтканда, төмөнкүлөрдү камтыйт: (а) шаар аймагынын чегинен тышкары жактардан шамал аркылуу ташылып келген чаңдын таасирин азайтуу максатында максаттуу райондордо «Жашыл алкакты» түзүү жана (б) заманбап суу үнөмдөөчү технологияларды колдонуу менен негизделген жана натыйжалуу ирригациялык системаны куруу.

Бишкек шаарынын аймагында «Жашыл алкакты» түзүү ар кандай тууралыктагы тандалган жолдордун жээгинде жашыл коридорлор системасын калыптандырууга жана ишке ашырууга өбөлгө түзүп, шаардык чөйрөдө жашыл насаждениялардын аянтын кеңейтүүнү камсыз кылат. Сунушталып жаткан «Жашыл алкак» концепциясы каскаддык жашылдандырууну колдонууну карайт, ал чөп катмарын, жандуу тосмолорду жана жашылдандыруу оптималдуу жайгаштыруу, тегиздөө жана түрлөрүн туура тандоо менен айкалыштырып, чаңдануу деңгээлин натыйжалуу төмөндөтүүгө жана Бишкек шаарынын климаттык шарттарында өсүмдүктөрдүн туруктуу өнүгүшүн камсыз кылууга мүмкүндүк берет. «Жашыл алкак» долбоорун ишке ашыруу шаардын климаттын өзгөрүшүнүн кесепеттерине, айрыкча температуранын жогорулашына карата туруктуулугун жогорулатууга өбөлгө түзүп, ошондой эле экосистемалык кызматтардын комплексин көрсөтүүнү камсыз кылат, анын ичинде жер үстүндөгү агындыларды жөнгө салуу, гидрологиялык режимдердин өзгөрүшүнүн терс таасирин азайтуу жана экстремалдык экологиялык окуялардын таасирин азайтуу сыяктуу бир катар экосистемалык кызматтарды көрсөтөт.

«Жашыл алкакты» түзүү боюнча иш-чараны ишке ашыруу үчүн Бишкек шаарынын мэриясы шаардынын түндүк-батыш жана түштүк-чыгыш бөлүктөрүндө жайгашкан жер тилкелерин сунуштады, атап айтканда: Садыгалиев көчөсү боюнча жер тилкеси — Дэн Сяопин көчөсүнөн Л. Толстой көчөсүнө чейин жана Алыкулов көчөсү боюнча жер тилкеси — Гагарин көчөсүнөн Жайыл Баатыр көчөсүнө чейин. Төмөнкү 6-таблицада «Жашыл алкак» үчүн жер тилкелерин бекитүү боюнча учурдагы маалыматтар келтирилген.

*Таблица 6. "Жашыл алкак" жайгашкан жер тилкелери*

| № | Көчөлөрдүн аталышы участокторду жашылдандыруу боюнча | Иштин аткарылышынын баскычы | Андан кийинки иш-чаралар |
|---|---|---|---|
| 1. | Садыгалиев көчөсү - Дэн Сяопин көчөсүнөн Л.Толстой көчөсүнө чейин (батыш, чыгыш). | Садыгалиев, Алыкулов жана Ахунбаев көчөлөрүнүн тилкелеринин топографиялык сүрөттөрү ББА тарабынан аткарылып, "Бишкекжашылчарба" МИге өткөрүлүп берилген. | Дүйнөлүк банктын консультанттары менен биргелешип "Жашыл алкак" долбоорун иштеп чыгуу. |
| 2. | Алыкулова көчөсү - Гагарин көчөсүнөн Ж.Баатыр көчөсүнө чейин (батыш, чыгыш). | | |
| 3. | И.Ахунбаев көчөсү (Асаба көчөсү) – Кырк-Кыз көчөсүнөн Алыкулов көчөсүнө чейин (түштүк, түндүк) (альтернативдик бөлүк). | | |

Белгилей кетсек, Бишкек шаарынын мэриясы тиешелүү шаардык кызматтар менен биргеликте, мисалы, Бишкекжашылкурулуш, Бишкекбашкыархитектура, Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти "Жашыл алкакты" уюштуруу жана скважиналарды бургулоо үчүн бөлүнгөн жер тилкелеринин тиешелүү укуктук документтерин, топографиялык съемкаларын камсыздап берүүгө жооптуу.

Дүйнөлүк банк, Траст фондунун каржылоосунун эсебинен, «Жашыл алкак» концепциясын жана дизайнын иштеп чыгуу үчүн «MLA+» эл аралык консалтинг компаниясы менен келишим түзгөн. Ушул жылдын 17-июнунан 20-июнуна чейин консультанттар Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан сунушталган жер тилкелери менен таанышуу максатында Бишкек шаарына келишти. 2025-жылдын сентябрь айында Бишкек шаарынын мэриясынын, ДИАБ жана ДБ өкүлдөрүнүн консультанттар менен онлайн-жолугушуусу болуп, анын алкагында аткарылган иштердин алдын ала жыйынтыктары көрсөтүлдү. Жолугушуунун жыйынтыгында консультанттардын ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары талкууланып, бул иш-чараны мындан ары да илгерилетүүгө багытталган тиешелүү чечимдер кабыл алынды. Учурда бул чакан компонент боюнча «MLA+» эл аралык консалтинг компаниясы менен өз ара кызматташуу иши улантылууда.

ДИАБ сугат скважиналарын бургулоо боюнча долбоордук документацияны иштеп чыгуу максатында Дүйнөлүк банк, Бишкек шаарынын мэриясы жана «Бишкекжашылчарба» МИсы менен биргеликте техникалык тапшырманы иштеп чыгып, макулдашты. Тендердик процедуралар өткөрүлүп, алардын жыйынтыгы боюнча долбоорлоо институту —«Энкон» ЖЧКсы тандалып алынды жана келишим түзүлүп, сугат скважиналарын жана ага байланыштуу инфраструктураны куруу үчүн техникалык-экономикалык негиздемени (ТЭН) даярдоо, долбоордук иштерди жүргүзүү, долбоордук-сметалык документацияны (ДСД) иштеп чыгуу жана курулушка автордук көзөмөл жүргүзүү кызматтарын көрсөтүүнү камтыйт.

Отчеттук мезгил ичинде "Энкон" ЖЧКсы "Бишкекжашылкурулуш" МИ учурда иштеп жаткан жана бургулоого пландаштырылган сугат кудуктарынын абалына баалоо жүргүзүштү. Келишимдин сапаттуу жана өз убагында аткарылышын камсыз кылуу

максатында ДИАБ тарабынан консультанттын аткарган иштерин кызыкдар тараптардын катышуусунда тынымсыз координациялоо жана талкуулоо жүргүзүлүүдө. Акыркы айларда "Бишкекжашылкурулуш" МИнин, "Энкон" ЖЧКсынын, ДИАБдын жана Дүйнөлүк банктын өкүлдөрүнүн катышуусунда скважиналарды долбоорлоо боюнча техникалык-экономикалык негиздемени талкуулоо үчүн бир нече кеңейтилген жолугушуулар уюштурулуп, өткөрүлдү, анын жыйынтыгында техникалык-экономикалык негиздемени даярдоону аяктоо үчүн маанилүү чечимдер кабыл алынды. Сугат кудуктары үчүн жер тилкелерин бөлүү, сугат нормаларын макулдашуу маселелеринин создуктурулушуна жана келишимдин мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу "Энкон" ЖЧКсынан келишимди узартуу жөнүндө кат алынды. "Бишкекжашылкурулуш" МИ менен макулдашылгандан кийин "Энкон" ЖЧКсы менен түзүлгөн келишим 2026-жылдын 31-майына чейин узартылды.

***Чакан компонент 3.2: «Жашылдандыруу жана сугат иштери боюнча институционалдык дараметти жогорулатуу»***

Бул субкомпонент "Бишкекжашылкурулуш" муниципалдык ишканасын сугарууну жана шаардын жашыл аймактарын башкарууну жакшыртуу үчүн жабдуулар, шаймандар жана техникалык колдоо менен каржылайт, ошондой эле шаар куруу жаатында, жашылдандырууга жана ирригацияга басым жасоо менен эксперттик колдоо көрсөтөт.

"Бишкекжашылкурулуш" муниципалдык ишканасы үчүн ирригациялык тармактарды башкаруу, реконструкциялоо жана техникалык тейлөөнү жакшыртуу, дарыялардын нуктарын, борбор калаанын каналдарын тазалоо максатында төмөнкү адистештирилген техника жана тетиктер сатылып алынды:

- 3 экскаватор;
- 2 экскаватор жүктөгүч;
- 1 каналдарды тазалоочу машина, аралаш илосос менен жабдылган;
- 4 самосвал;
- 1 мобилдик майдалагыч;
- 1 чөп кескич (дернорез);
- сатып алынган экскаваторлор үчүн кошумча бөлүктөр (экскаватор R60W-9S үчүн траншеялык - кууш сузгуч, экскаватор R60W-9S үчүн пландаштыруучу сузгуч, экскаватор R140W-9S үчүн траншеялык - кууш сузгуч, экскаватор R140W-9S үчүн пландаштыруучу сузгуч, экскаватор R140W үчүн гидромолот).

Сатып алынган техника "Бишкекжашылкурулуш" муниципалдык ишканасына сезондук жана авариялык жумуштарды аткаруунун ыкчамдуулугун жана сапатын кыйла жогорулатууга, шаардын ирригациялык тармактарын өз убагында тейлөөнү камсыздоого, ошондой эле шаардык зоналардагы күтүүсүз кырдаалдарга болгон натыйжалуулугун жана реакция ылдамдыгын жогорулатууга мүмкүндүк берет.

Долбоордун бул чакан компонентинин алкагында Бишкек шаарынын мэриясынын жетекчилигине жана "Бишкекбашкыархитектура" МИне Бишкек шаарынын 2050-жылга чейинки жаңы Башкы планын иштеп чыгууда консультациялык жана эксперттик колдоо көрсөтүү, анын ичинде шаарды жашылдандыруу, ирригация жана суу коргоо зоналары маселелерине багытталган стратегиялык документтин айрым бөлүмдөрүн даярдоодо алдыңкы эл аралык тажрыйбага ылайык техникалык жардам көрсөтүү каралган. Шаар курууну пландаштыруу системасында шаарды жашылдандырууну өнүктүрүүгө стратегиялык мамиле аркылуу шаарлардын жана региондордун климаттын өзгөрүшүнө туруктуулугун жогорулатуу үчүн негизги мааниге ээ, анткени ал адаптациянын

тобокелдиктерин азайтууга жана жашылдандыруу боюнча иш-чаралардын натыйжалуу жана туруктуу камсыз кылууга мүмкүндүк берет.

Бишкек шаарынын мэриясынын шаарды жашылдандыруу жана ирригация тармагындагы институционалдык мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү максатында Бишкек шаарынын 2050-жылга чейинки Башкы планынын жашылдандырууга, сугат системаларына жана суу коргоо зоналарына тиешелүү бөлүмдөрүн иштеп чыгуу боюнча техникалык тапшырма даярдалды. Аталган техникалык тапшырма Бишкек шаарынын мэриясы, "Бишкекбашкыархитектура" МИ жана Бүткүл дүйнөлүк банк менен макулдашылды.

МИ "Бишкекбашкыархитектурадан" тендердик процедураларды баштоо алдында 2025-жылдын 25-апрелиндеги № 3-1/5220 кат келип түшкөн, анда "Никкен Сэккэй ЛТД" япон компаниясы менен Башкы пландын көрсөтүлгөн бөлүмдөрүн иштеп чыгуу боюнча түз келишим түзүү маселесин кароо сунушталган, себеби "Никкен Сэккэй ЛТД" компаниясы Министрлер Кабинетинин токтому менен Бишкек шаарынын 2025-жылга чейинки Башкы планын негизги иштеп чыгуучусу болуп аныкталган. Бирок, 2025-жылдын 15-августунда Бишкекбашкыархитектурадан "Никкен Сэккэй ЛТД" компаниясы менен түз келишим түзүү мүмкүнчүлүгүн кароо жөнүндө мурда жөнөтүлгөн катты кайра кайтарып алуу тууралуу кат келип түшкөн.

Башкы пландын тиешелүү бөлүмдөрүн иштеп чыгуу маселеси боюнча Дүйнөлүк банктын өкүлдөрүнүн, Бишкек шаарынын мэриясынын жана "Бишкекбашкыархитектура" МИнин жетекчиликтеринин катышуусунда жолугушуу болуп өттү. Жолугушуунун жыйынтыгында Бишкек шаарынын 2050-жылга чейинки Башкы планын иштеп чыгуу аяктагандан кийин Долбоордун каражаттарын шаарды жашылдандырууу, ирригация системалары жана суу коргоо зоналары бөлүгүндө Деталдуу пландоо долбоорун (ДПД) жана/же Жерди пайдалануу жана куруу эрежелерин (ЖПКЭ) иштеп чыгууга багыттоо максатка ылайыктуу деген чечим кабыл алынды.

## Компонент 4. «Долбоорду ишке ашырууну колдоо»

Бул компонент Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн ишин каржылоо аркылуу Долбоорду ишке ашырууну колдоого багытталган, анын ичинде сатып алуу процедураларды, финансылык башкаруу, экологиялык жана социалдык тобокелдиктерди башкаруу, мониторинг жана баалоо, ошондой эле ДИАБдин институционалдык дараметтин жогорулатуу боюнча иш-чаралар. Долбоордун алкагында ДИАБдын операциялык чыгымдарын каржылоо жүзөгө ашырылат, анын ичинде персоналдын эмгек акысы, транспорттук чыгымдар, кеңсе буюмдарын сатып алуу жана башка чыгымдар.

Отчеттук мезгил ичинде консультациялык кызматтарды, жумуштарды жана товарларды сатып алуу үчүн Долбоордун компоненттеринин жана чакан компоненттеринин тиешелүү иш-чаралары боюнча техникалык тапшырмалар жана мүнөздөмөлөр иштелип чыкты, алар Долбоордун негизги бенефициарлары менен макулдашылып, Дүйнөлүк банк тарабынан жактырылды.

Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүн системалуу түрдө көзөмөлдөө, анын максаттарына жана күтүлгөн натыйжаларына жетишүүсүн баалоо, ошондой эле ишенимдүү маалыматтардын негизинде башкаруу чечимдерин өз убагында кабыл

алууну камсыз кылуу максатында, ДИАБ долбоордун өнүгүү максаттарына жетүү үчүн долбоорду көзөмөлдөө жана баалоо боюнча колдонмонун долбоорун даярдады.

Отчеттук мезгил ичинде ДИАБ Дүйнөлүк банктын №2 "Эмгек жана эмгек шарттары" социалдык-экологиялык стандарттарынын талаптарына ылайык "ДИАБдын жүрүм-турум жана этика кодексин" бекитти, себеби Долбоорду ишке ашыруу мезгилинде ДИАБ долбоордун тиешелүү компоненттери жана багыттары боюнча иштөө үчүн адистерди, консультанттарды жана эксперттерди ишке тартат. Бул документ ДИАБдын ишинде ачык-айкындуулукту жана контролду жогорулатууга жана ДИАБ менен келишимди/контрактты аткаруу процессинде компетенттүү, натыйжалуу милдеттерин аткарууга багытталган жүрүм-турум маданиятын калыптандырууга багытталган.

### Долбоордун Жетектөөчү Комитети

Кыргыз Республикасынын 2019-жылдын 28-майындагы №232 токтому менен бекитилген Мамлекеттик инвестицияларды башкаруу жөнүндөгү Жобого ылайык, Долбоордун ишке ашырылышын натыйжалуу көзөмөлдөө максатында 2024-жылдын 13-августундагы №240-П ЖРЭТКМдин буйругунун негизинде Долбоорду Жетектөөчү комитети (мындан ары – ДЖК) түзүлгөн. Бул ведомстволор аралык комитет болуп саналат жана анын курамына төмөнкү кызыкдар тараптардын өкүлдөрү мүчө катары киргизилген: Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги, Финансы министрлиги, Өзгөчө кырдаалдар министрлиги, Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги, Энергетика министрлиги, Саламаттыкты сактоо министрлиги, Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турмуш-коммуналдык чарба министрлиги жана Бишкек шаарынын мэриясы. Байкоочу катары Улуттук коомдук саламаттыкты сактоо институтунун жана Э.Гареев атындагы Улуттук илимдер академиясынын Ботаникалык бак ИИИнин өкүлдөрү киргизилген.

ДЖК 13.08.2024-жылдагы №240-П КР ЖРЭТКМ тарабынан бекитилген ДЖК жөнүндөгү Жобого ылайык, Долбоорду ишке ашыруу боюнча иштерди координациялоону жүзөгө ашыруучу коллегиалдуу байкоочу орган болуп саналат.

ДЖКнын негизги милдеттери: (i) Долбоорду ишке ашыруу боюнча отчетторду жана пландарды бекитүү, (ii) Долбоордун ишке ашыруну көзөмөлдөө жана Долбоордун өнүгүүсүнүн максаттарына жетүү. КР ЖРЭТКМнин жана ФМнин ДИАБ ДЖКнын катчылыгы болуп саналат.

2025-жылдын 14-февралында биринчи министрдин орунбасары жетекчилиги алдында жана КР ЖРЭТКМнин алдындагы долбоордун улуттук координаторунун модераторлугунда ДЖКнын биринчи отуруму өткөрүлдү. Отурумдун жүрүшүндө ДЖКнын мүчөлөрүнө 2023–2024-жылдарга карата отчеттор, ошондой эле КР ЖРЭТКМнин алдындагы ДИАБ жана КР ФМнин алдындагы ДИАБнын 2025-жылга карата иш-планы сунушталды. ДЖКнын мүчөлөрү Кыргыз Республикасынын КР ЖРЭТКМнин алдындагы ДИАБ жана КР ФМнин алдындагы ДИАБнын Долбоор боюнча 2023–2024-жылдардагы аткарылган иштер тууралуу отчетун кабыл алышып, Долбоордун 2025-жылга карата иш-планын бекитишти.

2025-жылдын 25-июлунда ДЖКнын экинчи отуруму өткөрүлдү. Отурумдун жүрүшүндө 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгына карата отчеттор сунушталды. Ошондой эле КР ЖРЭТКМна алдындагы ДИАБдын 2025-жылга карата жаңыланган планы тааныштырылды. ДЖКнын мүчөлөрү КР ЖРЭТКМнын алдындагы ДИАБ менен КР

ФМнын алдындагы ДИАБнын 2025-жылдын биринчи жарым жылдыгы боюнча бириктирилген отчетун, ошондой эле КР ЖРЭТКМнин алдындагы ДИАБнын 2025-жылга карата жаңыланган планын макулдашып, бекитишти.

*ДЖКнын отурумдары*








## Долбоорду ишке ашырууга техникалык колдоо көрсөтүү боюнча ДБ Миссиясы

2025-жылдын 3-7-мартында Дүйнөлүк банктын “Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу” долбоорун ишке ашырууну колдоо миссиясы өттү. Миссияны Киртан Чандра Саху мырза (климаттын өзгөрүшү боюнча адис, долбоордук топтун жетекчиси), Айдай Баялиева айым (айлана-чөйрөнү коргоо боюнча адис, долбоордук топтун тең жетекчиси), ошондой эле банктын долбоордук тобунун мүчөлөрү жетектешти. Миссиянын негизги милдеттери төмөнкүлөрдөн турду: (i) долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү менен таанышуу, анын ичинде сатып алуулар, келишимдерди башкаруу, финансылык башкаруу, долбоор боюнча төлөмдөр; (ii) долбоорду ишке ашыруу мөөнөттөрүн талкуулоо; (iii) экологиялык жана социалдык кепилдиктерге сереп салуу; (iv) долбоорду алдыга жылдыруу жана долбоор боюнча төлөмдөрдү тездетүү үчүн кийинки кадамдарды макулдашуу. Миссиянын жүрүшүндө Долбоордун аткаруучу агенттиги, негизги өнөктөштөрү жана бенефициарлары менен жолугушуулар

уюштурулуп, өткөрүлдү. Жолугушуунун жүрүшүндө төмөнкү маселелер талкууланды: (1) Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү; (2) ДИАБ кызматкерлери үчүн кеңсе (5 кабинет) берүү маселеси; (3) Транспорт каражаттарынын чыгарылышын тестирлөө боюнча пилоттук долбоор; (4) Лаборатория жана МИБ куруу үчүн жер тилкесин бөлүү маселеси.

2025-жылдын 11–12-июнунда Кыргыз Республикасында Бүткүл дүйнөлүк банктын «Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу» долбоорунун алкагында кыска мөөнөттүү миссиясы болуп өттү. Кыска мөөнөттүү Миссиянын жүрүшүндө Долбоордун аткаруучу агенттиги жана бенефициарлары менен жолугушуулар уюштурулуп, өткөрүлдү, анын ичинде: КР ЖРЭТКМ министри Машиев М.А. жана министрдин орун басары Раимкулова А.К. менен жолугушуу, КР ЖРЭТКМ Долбоорду ишке ашыруу бөлүмүнүн командасы менен жолугушуу, Бишкек шаарынын вице-мэри менен жолугушуу, "Бишкекбашкыархитектура" МИнин өкүлдөрү менен жолугушуу, КР ӨКМнин алдындагы Гидрометеорологиялык кызматынын жана Кыргызстандарттын жетекчилиги менен жолугушуу, КР ФМнын ДИАБ менен жолугушуу.

2025-жылдын 29-сентябрында Дүйнөлүк банктын долбоорлор портфелинин ишке ашырылышынын натыйжалуулугуна биргелешкен сереп жүргүзүлдү. Иш-чарага Дүйнөлүк банктын, КР Финансы министрлигинин жана башка министрликтердин, ведомстволордун өкүлдөрү катышты. Иш-чарада долбоорлорду ишке ашыруунун учурдагы абалы, өздөштүрүү жана келип чыккан көйгөйлөр каралып, ошондой эле аларды чечүүнүн мүмкүн болгон жолдору жана долбоорлорду андан ары ишке ашыруу боюнча кийинки кадамдар талкууланды.

2025-жылдын 17-20-ноябрында «Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу» долбоорун ишке ашырууну колдоо максатында Дүйнөлүк банктын миссиясы өттү. Дүйнөлүк банктын миссиясын мырза Дэниел Джеймс Бесли (айлана-чөйрө маселелери боюнча экономист, долбоордун тобунун жетекчиси), айым А.Баялиева (айлана-чөйрө маселелери боюнча адиси, долбоордун тобунун тең жетекчиси), ошондой эле банктын долбоордук тобунун мүчөлөрү жетектеди. Миссиянын негизги максаттары: (i) долбоорду ишке ашыруунун абалын карап чыгуу, анын ичинде долбоор боюнча сатып алуулар, келишимдерди башкаруу, каржылык башкаруу жана каражаттарды өздөштүрүү маселелери; (ii) долбоорду ишке ашырууну жана графикти талкуулоо; (iii) экологиялык жана социалдык коргоо чараларынын сакталышын текшерүү; (iv) долбоорду алдыга жылдыруу жана Долбоор боюнча каражаттарды өз убагында өздөштүрүүнү камсыз кылуу боюнча кийинки кадамдарды макулдашуу.

Миссиянын жүрүшүндө Долбоордун аткаруучу агенттиги, Долбоорду ишке ашыруу бөлүмдөрү, негизги өнөктөштөр жана Долбоордун бенефициарлары, анын ичинде Бишкек шаарынын мэриясы, "Бишкекжашылкурулуш" муниципалдык ишканасы, Кыргызгидромет, Экологиялык мониторинг департаменти, "Кыргыз комплекстүү гидрогеологиялык экспедициясы" Кыргыз мамлекеттик ишканасы менен жолугушуулар уюштурулуп, өткөрүлдү. "«Энкон» ЖЧКсы жана «АрхиВижн» ЖЧКсы- долбоорлоо институттары менен жолугушуулар өткөрүлдү, анда лаборатория жана маалыматтарды иштеп чыгуу борбору үчүн долбоордук-сметалык документтерди даярдоо жана скважиналарды иштеп чыгуу боюнча презентациялар көрсөтүлдү. Ошондой эле, жашыл тилке жана скважиналар боюнча иш-чаралардын маселелерин жана алардын аткарылышынын жүрүшүн талкуулоо боюнча мэрдин орун басары менен жолугушуу уюштурулду.

Миссиянын жүрүшүндө жашыл алкактын пландаштырылган жер тилкелерине, реабилитациялоого арналган учурдагы скважиналарына жана лаборатория менен МИБди куруу пландаштырылган жерлерге биргелешкен сапарлар уюштурулду.

*Дүйнөлүк банктын миссиялары (март 2025)*







*(июнь 2025)*







### Долбоордун өнөктөштөрү менен өз ара кызматташуу

Долбоор башталгандан бери кызыкдар тараптар менен өз ара кызматташуу планын аткаруу маселеси боюнча, Долбоордун кызыкдар тараптары жана өнөктөштөрү менен төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн маселелерди талкуулоо үчүн ДИАБ командасынын үзгүлтүксүз жолугушуулары өткөрүлүп турат.

*Таблица 7. Долбоордун кызыкдар тараптары*

| Кызыкдар тараптар | Талкууланган негизги маселелер |
|---|---|
| ЖРЭТКМ | ○ Иш планын, бюджетти, техникалык тапшырмаларды жана мүнөздөмөлөрдү, тендердик документтерди жана процедураларды макулдашуу;<br>○ Тендердик комиссияларды түзүү жөнүндө буйруктарды макулдашуу;<br>○ Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалымдоо;<br>○ Долбоорду ишке ашырууга байкоо жүргүзүү жана көзөмөлдөө.<br>○ Долбоордун иш-чараларын ишке ашыруунун жүрүшүн жума сайын пландаштыруу жана көзөмөлдөө;<br>○ Жаңы лаборатория жана маалымат борбору үчүн долбоордук-сметалык документтерди иштеп чыгуу үчүн техникалык тапшырмаларды иштеп чыгуу жана бекитүү;<br>○ ДЭМ үчүн лаборатория куруу үчүн жер бөлүү;<br>○ ЭТКК үчүн адистештирилген техника жана жабдуулар сатып алуу боюнча техникалык спецификацияларды иштеп чыгуу жана бекитүү;<br>○ ДЭМ үчүн мобилдик лабораторияны сатып алуу боюнча техникалык спецификацияларды иштеп чыгуу жана бекитүү;<br>○ Шаардык транспорттон чыккан зыяндуу заттардын эмиссиясы боюнча пилоттук долбоорду ЭТКК жана ААКБ менен талкуулоо;<br>○ Долбоордун жумушчу топтору менен иштөө жана өз ара аракеттенүү; |

| | |
|---|---|
| | o Долбоордун консультанттары үчүн техникалык тапшырмалардын долбоорлорун иштеп чыгуу;<br>o Тиешелүү отчетторду жана маалыматтарды даярдоо. |
| Бишкек шаарынын мериясы | o Бишкек шаарынын мэриясынын Жумушчу тобу менен Долбоорду колдоо жана координациялоо боюнча маселелерди талкуулоо:<br>- “Жашыл алкак” үчүн жер тилкелерин бекитүү, укук белгилөөчү документтерди тариздөө менен скважиналарды бургулоо;<br>- Ирригациялык системаны жана шаарды жашылдандырууну жакшыртуу үчүн атайын техникаларды сатып алуу;<br>- Техникалык спецификацияларды жана тапшырмаларды иштеп чыгуу жана талкуулоо;<br>- Долбоордун консультанттары үчүн техникалык тапшырмаларды иштеп чыгуу жана бекитүү;<br>- Шаардык транспорттон чыккан зыяндуу заттар боюнча пилоттук долбоорду талкуулоо. |
| ӨКМ/Кыргызгидромет | o Абанын сапатын автоматтык түрдө көзөмөлдөө станциялары боюнча техникалык мүнөздөмөлөрдү иштеп чыгуу;<br>o Атмосфералык абанын булганышын байкоо пункттарын модернизациялоо боюнча техникалык мүнөздөмөлөрдү иштеп чыгуу;<br>o Температуранын жана инверсиялык вертикалдык профилин метеорологиялык мониторинг жүргүзүү үчүн зонддук жабдуулар үчүн техникалык мүнөздөмөлөрдү иштеп чыгуу;<br>o Атмосфералык абадагы булгоочу заттарды талдоо жана өлчөө үчүн лабораториялык жабдуулар жана приборлор боюнча техникалык мүнөздөмөлөрдү иштеп чыгуу:<br>o Абанын сапатын автоматтык түрдө көзөмөлдөө станциялары үчүн жер тилкелерин бекитүү;<br>o Абанын сапатын автоматтык түрдө көзөмөлдөө станцияларынын маалыматтарын IT бөлүгүндө интеграциялоо жана иштеп чыгууну талкуулоо;<br>o Абанын сапатын автоматтык түрдө көзөмөлдөө станциялары, лабораториялык жабдуулар үчүн калибрлөө жана Мамлекеттик стандарттарды киргизүү маселелерин талкуулоо. |

Отчеттук мезгил ичинде ДИАБ тарабынан Долбоордун өнөктөштөрү менен кызматташуу жөнүндө макулдашуулар иштелип чыкты: (а) Бишкек шаарынын мэриясы жана (б) КР ӨКМне караштуу Кыргызгидромет, алар "Кыргыз Республикасында абанын сапатын жакшыртуу" долбоорунун иш-чараларын ишке ашыруу боюнча тараптардын милдеттенмелерине негизделген.

2025-жылдын 4-ноябрында кызматташуу жөнүндө Макулдашууга Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин алдындагы Долбоорлорду ишке ашыруу бөлүмү менен Бишкек шаарынын мэриясынын ортосунда кол коюлду.

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлигинин алдындагы долбоорду ишке ашыруу бөлүмү менен Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин Гидрометеорологиялык кызматынын ортосундагы макулдашуу учурда Кыргызгидромет менен макулдашуу стадиясында турат.

Ай сайын ДИАБ Долбоордун ишке ашырылышы жөнүндө отчетту КР ЖРЭТКМне, анын ичинде Атмосфералык абаны коргоо бөлүмүнө, Эл аралык кызматташтык башкармалыгына, Аналитика жана пландоо башкармалыгына жана башка бөлүмдөргө суроо-талап боюнча берет. Мындан тышкары, долбоордун ишке ашырылышынын жүрүшү жөнүндө отчет жана маалымат ай сайын, квартал сайын суроо-талап боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппаратына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана башка кызыкдар тараптарга берилет. Долбоордун иш-чараларын ишке ашыруу абалы жөнүндө кызыкдар тараптар үчүн актуалдуу маалымат даярдоо максатында отчеттордун формалары жана ошол формаларга ылайык иш пландары иштелип чыккан, ДИАБ адистери мезгил-мезгили менен маалымат жана отчетторду берип турушат.

## Долбоордун экологиялык жана социалдык коштолуусу

Долбоордун социалдык жана экологиялык коопсуздук чараларын башкаруунун негизги максаттары төмөнкүлөр: (а) долбоордун күтүлгөн социалдык-экологиялык тобокелдиктерин жана таасирлерин аныктоо, (б) таасирлерге көзөмөлдөө жүргүзүү жана башкаруу, (в) жарандар жана башка кызыкдар тараптар Долбоорду ишке ашыруу мезгилинде Энергетика министрлигинин алдындагы Долбоорду ишке ашыруу тобу менен өз ара аракеттене ала турган кайтарым байланыш жана даттанууларды кароо механизмин киргизүү жана башкаруу.

Долбоорлоо этабында мүмкүн болуучу экологиялык жана социалдык таасирлерди жана тобокелдиктерди эрте аныктоо максатында, ар бир кичи долбоор боюнча экологиялык жана социалдык скрининг жүргүзүлөт. Скрининг мүмкүн болуучу тобокелдиктерди жана терс таасирлерди, ошондой эле чакан долбоорду ишке ашыруу учурунда аларды азайтуу же алдын алуу боюнча зарыл чараларды аныктоого мүмкүндүк берет.

Экологиялык жана социалдык скрининг процедурасы төмөнкүлөрдү камтыйт:

- поддолбоорду ишке ашыруу аймагын жана чектеш райондорду талдоо;
- поддолбоордун алкагындагы ишмердүүлүктүн негизги түрлөрүн аныктоо;
- айлана-чөйрөгө жана социалдык-экономикалык абалга тийгизүүчү мүмкүн болуучу таасирлерге алдын ала баа берүү, ошондой эле Айлана-чөйрөнү жана социалдык чөйрөнү башкаруу планы (АЧСБП) алкагында кошумча изилдөөнү талап кылган маселелерди аныктоо.

### *Айлана-чөйрөнү жана социалдык чөйрөнү башкаруу планы*

Отчеттук мезгил ичинде Долбоордун социалдык-экологиялык аспектилери боюнча ДИАБдын адистери тарабынан Кыргызгидрометтин адистери менен биргеликте абанын булганышын байкоо пункттары жана абанын сапатын автоматтык түрдө көзөмөлдөө станциялары орнотула турган пландаштырылган жер тилкелерине иш сапарлары уюштурулду жана аларга социалдык-экологиялык скрининг жүргүзүлдү, укук белгилөөчү документтер текшерилип, ар бир жер боюнча базалык маалыматтар

чогултулду. Скринингдин жыйынтыгынын негизинде эки чакан долбоор үчүн АЧСБП даярдалды:

- Бишкек шаарында жана Кашка-Суу айылында (5) жана башка шаарларда: Ош (2), Жалал-Абад (1), Кара-Балта (1), Токмок (1) жана Чолпон-Ата (1) абанын сапатын көзөмөлдөөчү 11 автоматтык станция;
- Бишкек (7) жана Ош (1) шаарларында 8 абанын булганышын байкоо пункттары.

Даярдалган документтер Дүйнөлүк банкка жөнөтүлдү жана Дүйнөлүк банктын айлана-чөйрөнү коргоо жана социалдык маселелер боюнча консультанттары тарабынан жактырылды.

Макулдашылган АЧСБП долбоордун бенефициарлары жана кызыкдар тараптары менен таанышуу үчүн КР ЖРЭТКМнин расмий сайтына https://mnr.gov.kg/ru/posts/project-air/proekt-plan-upravleniya-okruzayushhei-i-socialnoi-sredoi-puoss шилтемеси боюнча жайгаштырылган. Бишкек жана Ош шаарларында АБКПны модернизациялоонун алкагында АЧСБП презентациясы долбоордун бенефициарларынын жана кызыкдар тараптарынын катышуусунда онлайн коомдук угуу өткөрүлдү.

*Арыздарды кароо механизми*

Долбоордун алкагында, Долбоордун тике жана кыйыр бенефициарлары Долбоорду ишке ашыруунун бардык этаптарында арыздарды, же Долбоордун иш-чараларын жакшыртуу боюнча каалоолорун, же көйгөйлөрдү жоюу боюнча сунуштарын эч кандай чыгымсыз жана өз убагында чечилишине кепилдик менен берүүгө мүмкүнчүлүгү болушу үчүн, Даттанууларды кароо механизми иштейт.

2025-жылдын февраль айында Долбоордун сатып алуу процедураларынын бир бөлүгү боюнча "СП "Автодом Машинери Кей Джи" ЖЧКсынан 2025-жылдын 4-февралында сатып алуучу уюмдун/Агенттин (биринчи инстанциядагы административдик орган) дарегине техникаларды жеткирүү боюнча №250127488190680 тендерине карата даттануу келип түшкөн. Анда Арыз ээси №1 Лотто экскаватор-жүктөгүч жана башка атайын техника сыяктуу техникалардын ар кандай түрлөрүн бириктирүүгө макул эместигин билдирген. Алар бул түз жеткирүүчүлөрдүн катышуусуна тоскоолдук жаратып, наркты жогорулатуучу ортомчулардын пайда болушуна өбөлгө түзөт деп ырасташкан.

АКМ процедураларына ылайык, сатып алуучу уюмга/Агентке (биринчи инстанциядагы административдик орган) биринчи арыз ДИАБ/ЖРЭТКМ жана "Бишкекжашылкурулуш" МИнин атына берилген. Бул арызды кароо үчүн COM-25489926993 номери менен комиссия 2025-жылдын 5-февралында ЖРЭТКМнин ДИАБ жана "Бишкекжашылкурулуш" МИ кызматкерлеринин арасынан түзүлгөн. Биринчи инстанциядагы комиссия арызды негизсиз деп тапты, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 "Мамлекеттик сатып алуулар процедуралар жүргүзүү тартиби жөнүндө" токтомунун 2-главасынын 25 жана 28-бөлүктөрүнө ылайык, сатып алуучу уюм максималдуу атаандаштыкты камсыз кылуу үчүн техникалык мүнөздөмөлөрдү түзүүгө жана лотторду шайкештиги боюнча топтоштурууга укуктуу.

Автодом Машинери Кей Джи" ЖЧКнын биринчи инстанциядагы комиссиясынын жообу даттануу берилген күндөн тартып, 07.02.2025-ж. 3 жумушчу күндүн ичинде жөнөтүлгөн.

«Автодом Машинери Кей Джи» ЖЧК биринчи инстанциядагы комиссиянын чечимине макул болбой, 2025-жылдын 11-февралындагы даттанууну Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Көз карандысыз комиссияга (экинчи инстанциядагы

административдик орган) кайрадан жөнөткөн, ал жерде бул даттанууну карoo боюнча Көз карандысыз комиссия түзүлгөн. Көз карандысыз комиссия Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамынын 12-беренесинин 3-бөлүгүнө ылайык, сатып алынуучу көлөмдөрдү лотторго бөлүүгө жол берилет, бирок эгерде технологиялык бүтүндүк, техникалык жана функционалдык байланыштуулук, ошондой эле сатып алынуучу товарлардын комплекттүүлүгү бузулбаса, милдеттүү талап болуп саналбайт деп тапты. Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 44-беренесинин 3-бөлүгүнүн 2-пунктун жетекчиликке алган көз карандысыз комиссия арызды негизсиз деп таап, четке какты. Көз карандысыз комиссиянын чечими Арыз ээсине арыз берилген күндөн тартып 3 жумушчу күндүн ичинде, 2025-жылдын 15-февралында мамлекеттик портал аркылуу жөнөтүлдү. Арыз ээси «СП «Автодом Машинери Кей Джи» ЖЧКсы Көз карандысыз комиссиянын (экинчи инстанциядагы административдик орган) чечимине канааттанган жана кайрадан арыз же каршы пикир билдирген эмес. Арыз жана комиссиянын чечими Дүйнөлүк банкка да жөнөтүлдү.

## Коомчулук менен байланыш жана коммуникациялар

Коомчулук жана медиа менен иш жүргүзүү алкагында КР ЖРЭТКМнын сайты үчүн долбоордун баракчасынын макети иштелип чыгып, макулдашылды. Иш КР ЖРЭТКМнин медиа адиси менен тыгыз байланышта жүргүзүлүүдө. Долбоордун брендбугу даярдалды, анын ичинде бекитилген визуалдык идентификацияны эске алуу менен логотиптин ар кандай түстүү жана композициялык варианттары иштелип чыккан. Ошондой эле ишкердик жана презентациялык продукциянын негизги элементтеринин дизайн-макеттери түзүлдү: фирмалык папка, бейдж, конверт, расмий бланк жана башкалар, ошондой эле долбоордун расмий сайтында колдонуу үчүн тематикалык иллюстрациялар. Иштеп чыгуу бирдиктүү визуалдык стилде жүргүзүлгөн жана долбоордун таанымалдыгын камсыздоого, визуалдык коммуникациянын сапатын жогорулатууга жана иш-чараларды жана өнөктөштөр менен өз ара аракеттенүүнү кесипкөй коштоого багытталган. Долбоорду маалыматтык колдоо алкагында долбоордук иш-чаралардын негизги учурларын чагылдырган пресс-релиздер даярдалды.

Долбоордун ишмердүүлүгү жөнүндө даярдалган пресс-релиздер:
https://mnr.gov.kg/ru/posts/news/proveden-detalnyi-obzor-sostoyaniya-realizacii-proektov-finansiruemyx-vsemirnym-bankom-v-kyrgyzskoi-respublike
https://mnr.gov.kg/ru/posts/news/kyrgyzstan-zapuskaet-proekt-po-ulucseniyu-kacestva-vozduxa
https://russian.news.cn/20250208/8f4d2ad955d1469e9973a00d84973989/c.html
https://eco.akipress.org/news:2228112
https://kabarlar.org/priroda/v-kyrgyzstane-startuet-initsiativa-po-uluchsheniyu-kachestva-vozduha/
https://kant.kg/2025-02-07/minprirody-zapuskaet-proekt-uluchshenie-kachestva-vozduha-v-kr-s-byudzhetom-50-mln/
http://russian.peopledaily.com.cn/n3/2025/0208/c31519-20274278.html
https://news.kg/2025/02/07/v-kyrgyzstane-startuet-proekt-po-uluchsheniju-kachestva-vozduha/
https://dzen.ru/a/Z6WapWvPGA64g_M7
https://t.me/caravaninfokg/5922
https://eco.akipress.org/news:2228112?from=mportal&place=last
https://ru.kabar.kg/news/v-kyrgyzstane-zapuskaetsya-proekt-po-uluchsheniyu-kachestva-vozduha/

https://russian.news.cn/20250208/8f4d2ad955d1469e9973a00d84973989/c.html
https://kant.kg/2025-02-07/minprirody-zapuskaet-proekt-uluchshenie-kachestva-vozduha-v-kr-s-byudzhetom-50-mln/
https://vesti.kg/obshchestvo/item/135424-minprirody-zapuskaet-proekt-po-uluchsheniyu-kachestva-vozdukha.html
http://russian.people.com.cn/n3/2025/0208/c31519-20274278.html
https://novosti.kg/2025/02/minprirody-zapuskaet-proekt-po-uluchsheniyu-kachestva-vozduha/
https://caravan-info.pro/na-uluchshenie-kachestva-vozduha-v-kyrgyzstane-napravjat-50-mln/
https://mnr.gov.kg/ru/posts/news/minprirody-planiruet-obnovit-avtopark-i-sovremennye-texnologii-dlya-ekologiceskogo-kontrolya
https://24.kg/obschestvo/319819_borba_sosmogom_vminprirodyi_utochnili_chto_esche_kupyat dlya_testirovaniya_vozduha/
https://economist.kg/novosti/2025/02/13/dymomiery-ghazoanalizatory-i-eliektromobili-minprirody-zakupit-tiekhniku-dlia-uluchshieniia-ekologhii/
https://www.vb.kg/doc/442853_minprirody_planiryet_obnovit_avtopark_elektromobiliami.html
https://caravan-info.kg/ru/ecology/419700-minprirody-planiruet-obnovit-avtopark-i-sovremennye-tehnologii-dlya-ekologicheskogo-kontrolya.html
https://ru.kabar.kg/news/minprirody-planiruet-zakupat-elektromobili-dlya-inspekcionnyh-rejdov/

## Долбоордун 1, 3 жана 4-компоненттеринин алкагындагы сатып алуулар

*Таблица 8. Долбоордун сатып алуулары*

| **Компонент 1: Атмосфералык абанын сапатын башкаруу тутумун** | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **п/компоненттер** | **Алуучу / Максаты** | **Документтин аталышы** | **Саны** | **Жеткирүүчүлөр** | **Контрактын номери** | **контрактка кол коюлган күн** | **Келишимдин/контракттын суммасы** | **Мөөнөттөр** |
| 1.1. | Кыргызгидромет | Кыргызгидромет кызматынын абанын сапатын көзөмөлдөө лабораториясы үчүн лабораториялык жабдууларды сатып алуу | - | Турдубаев жеке ишкер | №AQIP/1.1/RFB/N3-2025 | 4.12. 2025 | 14 051 936,00 | 04.03.2026 |
| 1.1. | Кыргызгидромет | Сатып алуулар боюнча дараметти жогорулатуу жана тендердик документацияны даярдоого колдоо көрсөтүү үчүн кыска мөөнөттүү эл аралык тренер/консультант | - | Чемыртан Павел жеке ишкер | №AQIP/1.2/LS/INC/1 – 2025 | 08.09.2025 | 2 647 172,50 | 28.02.2026 |
| 1.2. | ЭТКК | Түтүн өлчөгүч (дымомер) - дизелдик унаалар үчүн | 30 | «Премиум Д» ЖЧКсы | AQIP/1.2/RFB/N6-2025 (Лот-1) | 24.03.2025 | 1 440 000,00 | 14.05.2025 |
| 1.2. | ЭТКК | Газ талдоочу аспап (газоанализатор) (ЕВРО-4,5, бензин) | 30 | «Премиум Д» ЖЧКсы | AQIP/1.2/RFB/N6-2025 (Лот-3) | 24.03.2025 | 1 980 000,00 | 14.05.2025 |
| 1.2. | ЭТКК | Профессионалдык GPS-навигациялык түзүлүштөр | 10 | «Софт Системс» ЖЧКсы | AQIP/1.2/RFB/N6-2025 (Лот-4) | 26.03.2025 | 417 800,00 | 11.04.2025 |
| 1.2. | ЭТКК | Профессионалдык квадрокоптер | 2 | Казыбеков А.К. жеке ишкер | AQIP/1.2/RFQ/N2-2024 | 26.03.2025 | 350 000,00 | 11.04.2025 |
| 1.2. | ЭТКК | Электро автоунаа | 4 | «Риада спорт» ЖЧКсы | AQIP/1.2/4.1/RFB/N6-2024 | 17.03.2025 | 8 242 080,00 | 11.04.2025 |
| 1.2. | ЭТКК жана ДИАБ | Гибрид автоунаа | 3 | «Бишкек моторс» | AQIP/1.2/RFB/N1-2025 | 25.06.2025 | 9 432 990,00 | 20.07.2025 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ЖЧКсы | | | | |
| 1.2. | Экологиялык мониторинг департаменти | Лабораториялар жана маалыматтарды иштетүү борбору (МИБ) боюнча долбоордук-сметалык документацияны (ДСД) иштеп чыгуу жана курулуш иштерине автордук жана техникалык көзөмөл жүргүзүү | - | «Архи Вижн» ЖЧКсы | AQIP/1.2/CQS/N3-2024 | 10.06.2025 | 8 133 846,50 | 10.04.2026 |
| 1.2. | Экологиялык мониторинг департаменти | Бишкек жана Ош шаарлар үчүн мобилдик лабораториялар | 2 | «Элфарм» ЖЧК | AQIP/1.2/RFB/N7-2025-1 | 27.11. 2025 | 62 392 000 | 27.03.2026 |
| **Компонент 3: Шаардын аймагын жашылдандырууну жакшыртуу** | | | | | | | | |
| п/ком п. | Алуучу / Багыттоо | Документтин аталышы | Саны | Жеткирүүчүлөр | Контракттын номери | Контрактка кол коюлган күн | Суммасы (сом) | Мөөнөттөр |
| 3.1. | «Бишкекжашылку рулуш» МИ | Скважиналар үчүн долбоордук-сметалык документацияны (ДСД) иштеп чыгуу боюнча консультациялык кызматтар | - | «Энкон» ЖЧК | AQIP/3.1/CQS/-2024 | 04.02.2025 | 9 047 590,00 | 31.10.2025 2025-жылдын 31-майына чейин узартылды |
| 3.2. | «Бишкекжашылку рулуш» МИ | Экскаваторлар жана и экскаватор -жүктөгүч (3 экскаватор; 1 жүктөгүч) | 4 | «Азиамоторс» ЖЧК | AQIP/3.1/RFB/N12-2024 (Лот-1) | 16.04.2025 | 42 000 000,00 | 30.05.2025 |
| 3.2. | «Бишкекжашылку рулуш» МИ | Каналдарды тазалоочу машина, аралаш илосос менен жабдылган | 1 | «Экспресс-Деливери» ЖЧК | AQIP/3.1/RFB/N12-2024 (Лот-2) | 16.04.2025 | 8 288 550,00 | 25.08.2025 |
| 3.2. | «Бишкекжашылку | Самосвалдар | 4 | «Экспресс-Деливери» ЖЧК | AQIP/3.1/RFB/N12-2024 (Лот-3) | 16.04.2025 | 17 355 356,00 | 26.08.2025 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | рулуш» МИ | | | | | | | |
| 3.2. | «Бишкекжашылку рулуш» МИ | Мобилдик майдалагыч | 1 | "Вортек" ЖЧК | AQIP/3.1/RFB/N13-2025 (Лот №1) | | 2 780 000,00 | 25.10.2025 |
| 3.2. | «Бишкекжашылку рулуш» МИ | Чөп кескич (дернорез) | 1 | "Ай-Жол Эксим" ЖЧК | AQIP/3.1/RFB/N13-2025 (Лот №2) | | 625 000,00 | 25.10.2025 |
| 3.2. | «Бишкекжашылку рулуш» МИ | Ирригациялык системалардын жана жашыл жашылдандыруулардын ишин жана тейлөөсүн жакшыртуу максатында экскаваторлордун эксплуатациялык даярдыгын камсыз кылуу үчүн запас бөлүктөрдү жана сарпталуучу материалдарды жеткирүү | 4 | «Азиамоторс» ЖЧК | AQIP/3.1/RFQ/DS-1-2025 | 25.11.2025 | 1 368 500,00 | 09.12.2025 |
| **Компонент 4: Долбоорду ишке ашырууну колдоо** | | | | | | | | |
| п/ком п. | Алуучу / Багыты | Аталышы | Саны | Жеткирүүчүлөр | Контракттын номери | Контрактка кол коюлган күн | Суммасы (сом) | Мөөнөтөрү |
| 4.1. | КР ЖРЭТКМдын КР АСЖ ДИАБ | Кондиционерди жеткирүү | 5 | "Синкор Тек" ЖЧК | AQIP/4.1/RFQ/N1-2024 | 19.05.2025 | 200 000,00 | 21.05.2025 |
| 4.1. | КР ЖРЭТКМдын КР АСЖ ДИАБ | Кабинеттерди ременттоо | 1 (компл) | ОсОО "Белес Групп" ЖЧК | AQIP/4.1/RFQ/N4-2024 | 12.05.2025 | 787 885,00 | 18.06.2025 |
| 4.1. | КР ЖРЭТКМдын КР АСЖ ДИАБ | 1 С бухгалтердик программалык камсыздоосу | 1 (компл) | "Практика" ЖЧК | AQIP/4.1/DC/N4-2024 | 01.10.2024 | 1 309 500,00 | 14.03.2025 |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 4.1. | КР ЖРЭТКМдын КР АСЖ ДИАБ | Кеңсе жабдууларын жеткирүү | 1 (компл) | "ПроИнт" ЖЧК | AQIP/4.1/RFQ/N1-2025-1 | 09.07.2025 | 1 413 350,00 | 09.08.2025 |
| 4.1. | КР ЖРЭТКМдын КР АСЖ ДИАБ | ДИАБ үчүн эмерек (кайра тендер) | 1 (компл) | "Портус" ЖЧК | AQIP/4.1/RFQ/N2-2025: Лот №1 | 25.08.2025 | 884 122,00 | 24.09.2025 |
| 4.1. | КР ЖРЭТКМдын КР АСЖ ДИАБ | Кеңсе жабдууларын жеткирүү | 1 (компл) | "Ортехпро" ЖЧК | AQIP/4.1/RFQ/N1-2025-1 | 06.11.2025 | 787 100,00 | 09.12.2025 |













*«Бишкек жашыл курулуш» МИге сатып алуулар*





*Долбоордун 4-компоненти «Долбоорду ишке ашырууга колдоо көрсөтүү» боюнча сатып алуулар.*

Консультациялык кызматтар категориясы: ДИАБ кызматкерлери.

2025-жыл ичинде ДИАБга жаны кызматкерлер алынып, төмөнкү бош орундарга келишимдер түзүлдү:

*Таблица 9. Кызматкерлердин тизмеси*

| № | Тендердин аталышы | Келишимге кол коюлган күнү | Аяктоо күнү | Контрактын номери | Адис |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | PR адис | 2025-жылдын 13-январы | 2025-жылдын 31-декабры | IC-12/2025 | Кубанычбек кызы Мээрим менен келишимге кол коюлду. |
| 2 | Сатып алуулар боюнча адистин ассистенти | 2025-жылдын 13-январы | 2025-жылдын сентябрь айы | IC-14/2025 | Акматов У. менен келишимге кол коюлду. |
| 3 | Сатып алуулар боюнча адистин ассистенти | 2025-жылдын 13-ноябры | 2025-жылдын 31-декабры | IC-15/2025 | Асеинова С. менен келишимге кол коюлду. |
| 4 | Мониторинг дана баалоо боюнча адис | 2025-жылдын 19-марты | 2025-жылдын 31-декабры | IC-15/2025 | Тологонова Г.Б. менен келишимге кол коюлду. |
